*Уралиева Сайкал1 б-класстын мугалими жаш мугалим экендигине карабастан заманбап усулдарды колдонуп, ачык сабак ото алды.*

*Кенешбекова Айдана 2-класстын жетекчиси математика сабагынан заманбап усулдарды колдонуу менен мыкты сабак уюштурду.*

*3-класстын мугалими Турдумамбетова Авива "Биз жашаган өлкө" темасында ачык сабак өттү. Окутууда балдарга компетенттулукко тарбиялоо багытына коп аракет кылынууда. Олкобузда жарыяланган "Санариптештируу жылына" ылайык сабактарда видеолор, слайддар, видеороликтер корсотулуп, «эн жакшы» деген сабактарга татыды.Ошондой эле окуучулар арасында корком айтуу боюнча конкурстар болуп башталгыч класстардын окуучулары активдуу катышышты.Грамоталар менен сыйланышты.Сурот конкурстар уюштурулду.*

*Мектепте «ата-энелер мектеби" уюштурулуп жана иш чаранын негизинде ай сайын ата-энелер арасында «ата энелер менен бирге окуунун пайдасы жана зарылчылыгы" тууралуу ар турдуу сабактар ,конкурстар, тегерек столдор отулду.*

*Мектепте ноябрь айында 6-11-класстар арасында интелектуалдык марафон өтүлүп, 11 окуучу биринчи, экинчи орундарды ээлеп аймактык олимпиадага катышышты. райондук олимпиадага 4 окуучу тандалып алынынды. Райондук олимпиададан Табылды уулу Искендер 10-класстын окуучусу физика сабагы боюнча 2-орун ээледи. Декабрь, январь айында так жана табигый илимдер усулдук бирикмесинин иш кагаздарынын презентациясы болду. Жыйынтыгында Р. Мурзакалыкова , А. Турдумамбетова К. Акжанова К иш кагаздары талапка ылайык деп табылып жайылтуу жагы сунушталды.*

*Декабрь айында "Айтматов ааламы" темасында талкуу,ой бөлүшүү максатында кыргыз тили мугалими Калдарбекова Элмира тегерек стол өткөздү.*

*Март айында "Онлайн, оффлайт тесттердин таасири" деген темада Акжанова Кенжегүл педагогикалык окуу өткөрдү.*

*Жыл ичинде мерчемделген"Жылдын мыкты жаш мугалими" конкурсу уюшурулуп, ачык сабактар өтүлүп,ачык тарбиялык сааттар, документациялар текшерилди. Март айында финал өткөрүлүп мыктылар аныкталды.*

*"Гран-при"2-класстын мугалими Кенешбекова Айдана ээ болду.*

*1-орун Орозакунова Мунара,2-орун Уралиева Сайкал,3-орун Кадырова Айжамал ээледи.*

*Мектепте окуу программасынын(өтүлгөн сааттар, практикалык, лабороториялык,жазуу, тест) иштердин аткарылышы боюнча чейрек сайын мониторинг жургузулуп, жыйынтыгы чыгарылып турат.*